КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №6-КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 10-сентябрындагы № 37** **Оргочор айылы**

**Оргочор айыл аймагындагы Чоң-Кызыл-Суу айылындагы тоют ороосу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде төрт айыл өкмөтү (Ак-Дөбө, Ак-Шыйрак, Оргочор, Светлая Поляна) биригип, Оргочор айыл аймагы болуп түзүлгөнүнө байланыштуу, мурдагы Светлая Поляна айыл аймагынынын Чоң-Кызыл-Суу айылындагы сатыкка коюлган тоют ороосу боюнча, Светлая Поляна айылынын айыл башчысы У.Искаковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Мурдагы Светлая Поляна айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 2024-жылдын 13-январындагы “ Чоң-Кызыл-Суу айылындагы тоют ороосу жөнүндө” №112 токтомунун негизинде Чоң-Кызыл-Суу айылындагы 2021200140040 кодундагы №949 контурдагы тоют ороосу сакталуучу 1000,0 чарчы жер аянтын аукционго коюга уруксат берилгени эске алынсын.

2. Мурдагы Светлая Поляна айыл аймагы жоюлуп, Оргочор айыл аймагы болуп түзүлгөнүнө байланыштуу, Чоң-Кызыл-Суу айылындагы сатыкка коюлган тоют ороосун аукционго коюуга жана иш кагаздарын мыйзам чегинде бүтүрүүгө айыл өкмөтүнө уруксат берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин айыл чарба туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**